Борбордук шайлоо
комиссиясынын төрайымы
Н.Шайылдабековага

Көчүрмөсү:
АШКнын төрагасы
М.Кыргызбаевке

Сузак районуна караштуу
Таш-Булак айылдык кенешинин
депутаттарынан

## Кайрылуу!

### Улуу урматтуу, Нуржан Кармабековна!

Биз Сузак районуна караштуу Таш-Булак айылдык кенешинин депутатары Сизге кайрылуубуздун себеби төмөндөгүчө:

2021-жылдын 10-июнь куну Таш-Булак айыл өкмөтүнүн жергиликтүү кенешинин кезектеги сессиясы болуп өттү. Сессияда Таш-Булак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо маселеси каралды. Таш-Булак айыл өкмөтүнүн башчылыгына 3 талапкер катталган. Шайлоо башталаар алдында 20 мүнөт калганда 3-талапкер Мамаев Нурболот талапкерлигин алып койду. Шайлоону АШКнын төрагасы алып барып шайлоонун жүрүшүн 31 депутатка жана сессияда катышкан адамдарга түшүндүрүп өттү. Эки талапкердин ишенимдүү адамдары көрсөтүлдү. Шайлоо аягына чыгып , аймактык шайлоо комиссиясынын 3 мүчөсү жана эки ишенимдүү өкүл бюлетендерди эсептеп жыйынтыгында Самидинов Нурбек -16 добуш, ал эми Гиёзов Тайходжа-15 добушка ээ болду.Шайлоонун жыйынтыгын жарыялагандан кийин депутат айым Алтыбаева Майрам регламентке баш ийбей, башка депутаттарды көзгө илбей өзү гана каттуу кыйкырык-чанырык жасады шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгаруу максатында мыйзамсыз иш-аракеттерди жана провокация жасап бюллетендерди талашып колуна бир бюллетенди алып алды, эч кимге баш бербей ары-бери чуркап ызы-чуу салды. Ушул учурда укук коргоо органдарынын кызматкерлери аралашууга мажбур болушту. Алтыбаева Майрамдын колунан бюлетенди БШКнын өкүлү жана АШКнын төрагасы шайлоо мыйзам чегинде өткөнүн жарыяландан кийин, протокол түзүлүп токтом бекитилип, Кыргыз Республикасынын гимнин коштоосунда сессия жабылды.

Шайлоо өткөн күндөн баштап М.Алтыбаева менен Т.Гиёзов мыйзамга баш ийишпей АШКнын алдында М.Кыргызбаевди коркутуп үркүтүп жалган жалаа жабуу аракеттерин ушул күнгө чейин жүргүзүүдө.

Биз төмөндөгү депутатар, аргасыздан ачык кол топтоо менен Сизге кайрылуу жасагоо мажбур болдук. Сизден , адилеттуулукту карап сессиянын протоколундагы чечимди калтырууга жана 16 депутаттын укугун колдоп, коргоп берүүңүздү суранабыз!

2021-жылдын 10-июнь күнкү сессиянын жүрүшүнө тоскоол жараттып, мыйзам бузган Алтыбаева Майрам жана Гиёзов Тайходжа мырзаларга тийиштүү мыйзам алдында жоопберүүсүн көзөмөлдөп берүүңүздү суранабыз!

Сизди урматтоо менен Таш-Булак айылдык кенешинин депутаттары:

1. Исмаилов Ильхомжон
2. Бабаназоров Ильхалм
3. Маматов Шерзод
4. Хайдаралиев Улугбек
5. Исмоева Гульмайрам
6. Тарыкчиева Айтамал
7. Алиев Ильдарбек
8. Саидинова Айнаш
9. Тагайбеков Таир
10. Шаимкулов Манас
11. Акбаров Фарходжон
12. Султанова Еркиной
13. Монокбаева Турсунай
14. Абдуллаева Хапиза
15. Маматазиев Алтынбек
16. Джумабаева Кооба